ЖАКТЫРЫЛДЫ
ТалМУнун окумуштуулар
Кеңеши отурумунун
№ 1 протоколу
" 21 " 09 2021-жыл

БЕКИТЕМ
ТалМУнун ректору
А.Ш.Упенов
" 21 " 09 2021-жыл

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ ЖАНА МОНИТОРИНГИ БӨЛҮМҮНҮН ЖОБОСУ

Кыргыз Республикасында көп баскычтуу жогорку билим берүү ишке ашырылып, ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү үчүн көз карандысыз аккредитациялык агенттиктер мыйзамдуу иштеп баштагандыгына байланыштуу, билим берүүнүн сапатынын аткарган функциялары бир кыйла кеңейди. КРдин ББИМдин алдындагы Улуттук Аккредитациялык кеңештин реестринде катталган көз карандысыз агенттиктер менен иш алып баруу зарылдыгы келип чыкты. ББС агенттиктердин стандарттарын, аккредитациялык критерийлерин үйрөнүү, аккредитациядан өтүүгө билим берүү программаларын даярдоого кошумча иш-чараларды жүзөгө ашыруу милдети коюлду. Ошондуктан ТалМУнун ректорунун буйругу менен (Буйрук №28/12, 01.09.2021-жыл) "билим берүүнүн сапаты жана мониторинги" кызматы ачылды.

**ББСтин милдеттери жана функциялары:**

ББС ТалМУда билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган аккредитацияга даярдоо, өздүк баалоо процедураларын уюштуруу жана өткөрүү, билим берүү программаларынын сапатын контролдоо системасынын механизмдерин, параметрлерин жана процедураларын иштеп чыгуу, окуу процессин контролдоо жана мониторинг иш-чараларын жүргүзөт.

**ББСнын негизги милдеттери:**

- ТалМУнун жетекчилиги менен биргеликте университеттин сапат чөйрөсүндөгү саясатын калыптандыруу;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын, аккредитациялык көрсөткүчтөрдү жана эл аралык стандарттарды ыңгайлаштыруунун негизинде сапаттын натыйжалуу системасын иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана колдоо;
- ТалМУнун структуралык бөлүмдөрүнүн билим берүүнүн сапатын камсыздоого багытталган иш аракеттерин координациялоо;
- Билим берүү ишмердүүлүгүнүн индикативдүү көрсөткүчтөрүнө системалуу мониторинг жүргүзүү;
- Өздүк баалоо жана аккредитация процедураларын уюштуруу, өткөрүү, отчётторду анализдөө;
- Сапатты камсыздоо жана кепилдөө боюнча чет элдик тажрыйбаны үйрөнүү, аны ТалМУда колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктап жайылтуу.

**ББСнын функциялары:**

- Окуу процессин коштоочу документациянын сапатына баалоону уюштурат.
- Структуралык бөлүмдөргө билим берүү программаларынын сапатын контролдоону жүзөгө ашыруу менен байланышкан маселелер боюнча жардам көрсөтүүнү уюштурат.
- Студенттердин билимдерин күнүмдүк, аралык жана жыйынтык контролдоонун натыйжаларынын анализдөөнү уюштурат.
- Көз карандысыз аккредитация үчүн баалоо каражаттарынын (БК) сапаттарын жана анын жыйынтыктарын анализдейт.
- Окутуучулардын ОМКларынын сапатына, предметтик БКлардын окутуунун натыйжаларынын шайкештигине баа берет.
- ТалМУнун студенттеринин, окутуучуларынын, кызматчыларынын арасында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселелери боюнча

сурамжылоону (анкетирлөө) даярдайт, уюштурат, өткөрөт жана натыйжаларды анализдейт.

- ПО курамдын дисциплиналарды ББСнын талаптарына ылайык окутуу сапатына баа берүү боюнча студенттерди официалдуу анкетирлөөнү өткөрөт.
- Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлине канааттануусун аныктоо максатында жумуш берүүчүлөрдү жана бүтүрүүчүлөрдү анкетирлөөнү уюштурат.
- Билим берүүнүн сапатына тиешелүү маселелер боюнча структуралык бөлүмдөрдө регулярдуу түрдө текшерүүлөрдү жүргүзүүнү, аларды жыйынтыктарына ылайык коррекциялоочу чараларды макулдашууну, алардын аткарылышын контролдоону уюштурат, өткөрөт.
- Анкетирлөөнүн, текшерүүнүн, мониторингдин жыйынтыктары боюнча статистикалык отчётторду, информациялык-аналитикалык мүнөздөгү материалдарды даярдайт.
- Аккредитация маселелери боюнча структуралык бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн координациялап, маалыматтык-методикалык коштоо, контролдоо жана анализдөө иштерин уюштурат, жетектейт.
- Аккредитация, өздүк баалоо жана билим берүүнүн сапаты боюнча кеңешмелер, семинарлар, конференцияларды уюштурат.

**ББСтин укуктары:**

Өз функцияларын жүзөгө ашырууда ББС төмөнкү укуктарга ээ:

- ТалМУнун структуралык бөлүмдөрүнөн университеттин билим берүү программаларынын сапатын контролдоо системасынын иш-чараларын жана процедураларын натыйжалуу аткаруу үчүн колдоо алып туруу;
- Структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринен БССнын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча маалымат суроо;

- ББСнын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча сырткы мекеме-уюмдар менен мамилелешүүдө белгиленген тартипте ТалМУнун атынан өкүл болуу;
- ББСнын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча жетекчиликке анын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сунуштарын киргизүү;
- структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери менен макулдашуу аркылуу алардын кызматчыларын аккредитациянын ишине катыштыруу болуп саналат.